Кочкорбаев айылдык
Кеңешинин
06.03.2019 -жыл
№ 105/ XVI -27
токтомуна тиркеме

**Ысык-Ата районуна караштуу Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн**
**Аксакалдар сотунун**
**РЕГЛАМЕНТИ**

## I глава. Жалпы жоболор

1. Аксакалдар сотунун ушул регламенти Кыргыз Республикасынын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамына (мындан ары – Мыйзам) ылайык иштелип чыгылды жана Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын аймагында түзүлүүчү аксакалдар сотторунун ишмердүүлүгүн уюштурууну жана ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун тартибин жөнгө салат.
2. Аксакалдар соттору - булар ыктыярдуу башталыштарда жана шайлануучулук жана өз алдынча башкаруу негизинде түзүлүүчү, белгиленген тартипте сот, прокурор, кылмыш иштерин кароо укугуна ээ башка укук коргоо органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жөнөтүлүүчү материалдарды, ошондой эле жарандардын ортосундагы талаш-тартыштар боюнча иштерди Мыйзамда белгиленген учурларда жана тартипте кароону жүзөгө ашырууга чакырылган коомдук органдар.
3. Аксакалдар сотторунун мүчөлөрү жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү тарабынан шайланышат жана жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилишет.
4. Аксакалдар соттору жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жашаган жери боюнча Мыйзамда жана ушул регламентте каралган принциптер жана эрежелер түзүлүшөт жана жергиликтүү кеңештен эсептик каттоодон өтүшөт.
5. Аксакалдар соту өздөрүнүн аты жазылган, каттоо тууралу күбөлүктүн негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы тарабынан берилген мөөргө ээ.
6. Аксакалдар сотторунун укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси, Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси, Кыргыз Республикасынын Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодекси (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси), Кыргыз Республикасынын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамы түзөт.
7. Кыргыз Республикасынын «Аксакалдар соттору жөнүндө» Мыйзамын, башка ченемдик укуктук актыларын, ушул регламентти жетекчиликке алышат.